МЕДИА ПОЛИСИ ИНСТИТУТУ

Canada

# ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАР: ЖМК МЕНЕН ИИОнун БИРГЕЛЕШКЕН ИШМЕРЛИГИ

*Журналисттер жана укук коргоо кызматкерлери үчүн нускама-колдонмо*

Бишкек
2013

**ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАР: ЖМК МЕНЕН ИИОнун БИРГЕЛЕШКЕН ИШМЕРЛИГИ**
*Журналисттер жана укук коргоо кызматкерлери үчүн нускама-колдонмо*

*Түзгөндөр: Алишева Надежда, Усөнова Бегаим*
*Тынч чогулуштар:ЖМК менен ИИОнун биргелешкен аракеттери.-Б.: 2013. –36 б.*
*Редактору: Любезнова Наталья*

Бул нускама-брошюра тынч чогулуштар өтүп жаткан учурда журналисттер менен укук коргоо кызматкерлеринин кесиптик ишмерлигин жүргүзүүдөгү укуктарын жана милдеттерин эске салуучу кол китепче. ИИО кызматкерлеринин милдети — тынч акциялардын бардык катышуучуларынын коопсуздугун камсыздоо, ал эми ЖМК өкүлдөрүнүн милдети — объективдүү, чындыкка төп келген жана калыс маалымат жыйноо.

Бул эки милдет тең бирдей максатты: сөз эркиндигине жана маалымат таратууга, тынч чогулуштарга катышууга жана жеке коопсуздук кепилдигин коргоого багытталган негизги конституциялык укукту сактоону жана ишке ашырууну көздөйт.

Каршы чыгуу акцияларын чагылдыруу учурунда, эгерде башаламандык чыгып кетсе, ИИО кызматкерлери ыкчам аракетке бара тургандыгы жөнүндө журналист кабардар болуп, абалды мыкты түшүнүүгө тийиш. Ошондуктан бул эскерткич китепчеде кесиптик ишмерлигин ишке ашыруу учурунда, анын ичинде массалык иш-чараларды чагылтууда журналист өз коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Кеп-кеңештер жана Тажрыйбалык көрсөтмөлөр даярдалды. Китепче журналист кол салууга кабылса кандай аракеттерди жүргүзүү керектигин жана укук коргоо органдарына арыз берүүнүн жол-жоболорун көрсөтүп берет.

Ушул басылма массалык акцияларды чагылдырган журналисттерге, алардын коопсуздугун коргогон ички иштер кызматкерлерине, медиа уюмдарга, ошондой эле адамдын укуктарын жана эркиндигин сактоо маселелерине кызыкдар болгондордун баарына иш жүзүндө пайдалуу болор деп үмүттөнөбүз.

Нускама Жергиликтүү демилгелер Канадалык фондусунун (CFLI) каржылык колдоосу аркасында даярдалды. Бул нускамада айтылган пикирлер сөзсүз эле Жергиликтүү демилгелер Канадалык фондусунун көз карашын билдирбейт.

Пайда болгон суроолор жана кеп-кеңештер боюнча «Медиа Полиси Институту» Коомдук фондусуна кайрылыңыздар. Дареги: Кыргыз Республикасы, 720040 г. Бишкек, Тыныстанов көч. 189/1 кв.4, тел. (+996 312) 908360, (+996 312) 908361, сайт: www.media.kg, эл. дарек: mpi@media.kg

*© Алишева Надежда, Усөнова Бегаим*
*«Медиа Полиси Институту» КФ, 2013 г.*

## МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 5

I БӨЛҮМ. СӨЗ ЭРКИНДИГИНЕ, МААЛЫМАТ ТАРАТУУГА, ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАРГА КАТЫШУУГА АДАМДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫ 7

1.1. Негизги укуктар жана эркиндиктер

*1.1.1 КР Конституциясы*

II БӨЛҮМ. ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАР ЖАНА АНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО 9

2.1. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР мыйзамы

III БӨЛҮМ. ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ЖАНА ИЧКИ ИШТЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЫЗМАТТЫК УКУКТАРЫ 13

3.1. Журналисттердин укуктары

*3.1.1. «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» КР мыйзамы*
*3.1.2. «Кесиптик ишмерликти коргоо жөнүндө» КР мыйзамы*
*3.1.3. «Маалымат алуу эркиндиги жана кепилдиги жөнүндө» КР мыйзамы*
*3.1.4. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана өзүн өзү башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарды алуу жөнүндө» КР мыйзамы*

3.2. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктары

*3.2.1. «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» КР мыйзамы*

IV БӨЛҮМ. ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ЖАНА ИЧКИ ИШТЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ 19

4.1. Журналисттин милдеттери

*4.1.1. «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» КР мыйзамы*
*4.1.2. «Журналисттин кесиптик ишмерлигин коргоо жөнүндө» КР мыйзамы*
*4.1.3. «Маалымат алуу эркиндиги жана кепилдиги жөнүндө» КР мыйзамы*

4.2. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин милдеттери

*4.2.1. «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» КР мыйзамы*

V БӨЛҮМ. КЕСИПТИК МИЛДЕТИН АТКАРУУ УЧУРУНДА КООПСУЗДУКТУ САКТОО БОЮНЧА ЖУРНАЛИСТЕРГЕ ТАЖРЫЙБАЛЫК КЕҢЕШТЕР 22

5.1. Массалык иш-чараларды чагылдыруу учурунда жеке коопсуздукту сактоо үчүн ЖМК өкүлдөрүнө кеп-кеңештер
5.2. Тажрыйбалык кеңештер: Эгерде журналист зомбулукка кабылса

VI БӨЛҮМ. ТИРКЕМЕ 28

6.1. Байланыш тизмеси

*6.1.1. ГУВД жана Бишкек шаарынын райондук ички иштер башкармалыгы*
*6.1.2. Министрликтердин пресс-кызматтары*
*6.1.3. Телекөрсөтүүлөр жана радиоуюмдар*
*6.1.4. Мезгилдүү басма сөз*
*6.1.5. Маалымат агенттиктери*
*6.1.6. Эл аралык агенттиктердин жеке кабарчылары*
*6.1.7. Коммерциялык уюмдар*

# КИРИШҮҮ

Акыркы убактарда бүткүл дүйнөдө байкалган абалдай эле Кыргызстанда дагы журналисттин кесиби опурталдуу болуп баратат. «Медиа Полиси Институту» Коомдук фондусунун мониторинги боюнча 2012-жылы он журналистке кол салуу болуп, анын көпчүлүгү жалпы эл катышкан акциялардын тушунда болуп өткөн. Кыргызстанда тез-тез болуп турган митингдер жана пикеттер, алардын кооптуулугу, башаламандыгы журналисттерден коопсуздуктун жалпы эрежелерин сактоону, муну менен бирге эле мыйзам жүзүндө кепилденген укуктарын жана милдеттерин билүүнү талап кылат.

ЖМКнын ишмерлигин жөнгө салуучу Кыргызстандын мыйзамдары кесиптик милдетин аткаруу учурунда жеке адамдын кол тийбестик укугунан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Мамлекет ошондой эле маалыматты эркинче алууга жана таркатууга кепилдик берип, кесиптик милдетин аткарууда аны коргоону камсыз кылат. Журналисттин укугун бузуу, анын адамдык беделин, ар-намысын кордоо, зомбулук көрсөтүү же өмүрүнө кол салуу, ден соолугуна жана жеке мүлкүнө зыян келтирүү аракеттерине баргандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Массалык акцияларды чагылдыруу учурунда журналист кандай аракеттенүү зарыл? Бул боюнча жалпы дүйнөлүк тажрыйбада белгилүү бир стандарттар калыптанып калды, буларды биздин өлкөдө дагы пайдаланса болот:

- Массалык акциялардын учурунда укук коргоо органдары журналисттердин ишине тоскоолдук кылып же жолтоо болгонго акысы жок;
- Укук коргоо органдары тарабынан сый жана сабырлуу мамиле күтүүгө журналисттердин акысы бар;
- Демонстрацияларды чагылдыруу үчүн атайын аккредитациялоонун зарылдыгы жок;
- Эл аралык стандарттарга ылайык, техникалык жабдууларды же репортаж үчүн жыйналган материалдарды конфискациялоого же керектен чыгарууга бийликке тыюу салынат.

Ошол эле учурда эл аралык стандарттарга ылайык массалык акцияларды чагылдырган журналисттердин атайын милдеттери бар:

- Журналисттин милдетине иш-чарага катышуу эмес, аны чагылдыруу кирет;
- Иш-чараны калыс чагылдыруу керек;

- Журналисттер укук коргоо органдарынын аракеттеринен кабардар болуп, ал тууралуу өз маалымдуулугун арттырууда чечкиндүү кадамдарга баруусу зарыл. Себеби башаламандык пайда болгон кырдаалдарда мындай билим кынтыксыз чечим чыгарууга жана туура аракеттерди жасоого көмөк берет.

Кыргызстанда топтолгон тажрыйбаны, улуттук мыйзамдарды, ошондой эле каршылык акцияларын чагылдыруу ыкмалары боюнча дүйнөлүк стандарттарды талдоодон кийин «Медиа Полиси Институту» Коомдук фондусу тарабынан журналисттер жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн «Тынч чогулуштар: ЖМК менен ИИОнун биргелешкен аракеттери» деген нускама иштелип чыкты.

Эки кесиптин ээлери бири биринин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин мыктылап түшүнүүсүнө көмөктөшүү максатында нускамага «Тынч чогулуштар жөнүндө» мыйзамдан, андан сырткары журналисттер жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин ишмерлигин жөнгө салуучу кесиптик мыйзамдардан ылайыктуу үзүндүлөр тандалып алынды.

Ушул нускоо аркылуу биздин кеп-кеңештер массалык акцияларды чагылдырган журналисттерге жана алардын коопсуздугун сактаган ички иштер органдарынын кызматкерлерине тажрыйбалык пайда алып келет деп үмүттөнөбүз.

# I БӨЛҮМ. СӨЗ ЭРКИНДИГИНЕ, МААЛЫМАТ ТАРАТУУГА, ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАРГА КАТЫШУУГА АДАМДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫ

## 1.1.Негизги укуктар жана эркиндиктер

### *1.1.1. КР Конституциясы референдумунда кабыл алынган (бүткүл элдик добуш менен) 27 июнь 2010-ж.*

**16-берене**

1. Адамдын укуктары жана эркиндиги тартып алынбайт, ал ар бир адамга туулгандан таандык.

Адам укуктары менен эркиндиги эң жогорку баалуулук болуп эсептелет.

2. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылат жана урматтайт.

Жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча эч ким кодулоого алынууга тийиш эмес

**20-берене**

1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.

<….>

4. Ушул Конституцияда бекитилген төмөнкүдөй тыюу салуулар боюнча кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга:

7) ой-пикирин, диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө жана алардан баш тартууга мажбурлоого;

8) тынч чогулуштарга катышууга мажбурлоого тийиш эмес.

5. Ушул Конституцияда белгиленген төмөндөгүдөй укуктар:

<…>

4) ой-пикир эркиндиги укугу эч чектелүүгө тийиш эмес.

**24-берене**

1. Ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу.

<….>

4. Соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө эч ким кармалууга тийиш эмес.

5. Кармалган ар бир адамга, токтоосуз түрдө, кармоонун жүйөлөрү менен анын укуктары түшүндүрүлүп, медициналык жактан кароо жана врачтын жардамынан пайдалануу укугу менен бирге, анын укугу камсыз кылынышы керек.

**31-берене**

1. Ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укуктуу.
2. Ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу.
3. Эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес.

**33-берене**

1. Ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ.

<…>

3.Ар ким мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышкан юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган уюмдардын иштери тууралу маалыматтарды алууга укуктуу.

4. Ар кимге мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарды алууга кепилдик берилет. Маалымат берүүнүн тартиби мыйзам менен аныкталат.

**34-берене**

1. Ар ким тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укуктуу. Чогулушка катышууга эч ким мажбурланууга тийиш эмес.
2. Тынч чогулуш өткөрүүнү камсыздоо максатында бийлик органдарына билдирме берүүгө ар ким укуктуу.

Тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салууга жана аны чектөөгө, ошондой эле тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө билдирүүнүн түрү, мазмуну менен берүү мөөнөтүнүн сакталбагандыгына шылтоолоп аны өткөрүүгө тыюу салууга жана тийиштүү түрдө камсыздоодон баш тартууга жол берилбейт.

## II БӨЛҮМ. ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАР ЖАНА АНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО

### 2.1. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР мыйзамы 2012-жылдын 23-майы №64

**2-берене. Чогулуштарды өткөрүүнү жөнгө салуучу мыйзамдар**

2. Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана нарк-насилин, кадыр-баркын сактоо же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында мыйзамда белгиленген учурлардан сырткары, тынч чогулуштардын эркүү укугунан пайдаланууга чектелүү коюлушу мүмкүн эмес.

**3-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылган терминдер**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн пайдаланылган терминдер төмөнкүдөй мааниге ээ:

1) каршы чогулуш — чогулуштарды өткөрүүнүн ордуна жана убактысына карабастан, ошол эле жүйөөгө карама-каршы көз караштарды билдирүү максатында өткөрүлүүчү чогулуш;

<…>

2) тынч чогулуш — өзүнүн мүнөзү боюнча зомбулуксуз жана куралсыз өткөрүлгөн чогулуш;

<…>

4) жарыш чогулуш — ушул аймакта башка чогулуш менен бир убакта өткөрүлүп, жана башка чогулуштун катышуучуларынын ой-пикирлеринен айырмалуу ой-пикирлерди билдирүү максатын көздөбөгөн чогулуш;

<…>

6) чогулуш — мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомчулуктун көңүлүн буруу максатында кайсы-бир маселелер боюнча пикирлерди коомдун алдына ачыкка чыгаруу үчүн бир катар адамдардын атайылап жана убактылуу жыйналган кези;

7) алдын ала белгиленбеген чогулуш - алдын ала кабарландыруусуз өткөрүлгөн чогулуш;

<…>

9) чогулуштун катышуучусу — тынч чогулушка катышкан Кыргыз Республикасынын жараны, чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам.

**6-берене. Ички иштер органдарынын милдеттери**

1. Ички иштер органдары

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ошондой эле бул

окуяга кызыкдар башка мамлекеттик органдарды алдын ала белгиленген же өтүп жаткан чогулуштар жөнүндө маалыматтарды алгандыгы тууралуу токтоосуз кабардар кылат;
2) чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылууга байланыштуу маселелер боюнча башка мамлекеттик органдар менен зарыл учурда биргеликте аракеттенет;
3) тынч чогулуштарды коопсуз өткөрүүнү алдын ала камсыз кылуу боюнча чогулуштарды уюштуруучулар жана катышуучулар менен көрүлүп жаткан иш-чараларга биргелешип аракет кылат;
4) тынч чогулуштардын катышуучуларына карата урматтоо мамилесин көрсөтөт;
5) жалпыга маалымдоо каражаттарынын тоскоолдуксуз иштешин камсыз кылат;
6) тынч чогулуштун максатына жетүүсү үчүн жарандардан жана кызмат адамдарынан коомдук тартипти сактоосун, ички иштер органдарынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылуучу укук бузууларды жана иш аракеттерди токтотууну талап кылат, ал эми мыйзамдуу талаптар аткарылбаган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мажбурлоо чараларын колдонот;
7) тынч чогулуштардын катышуучуларын жана тынч чогулуштар өткөн жерде турган башка адамдарды, ошондой эле алардын мүлкүнө кол салуулардан коргойт;
8) тынч чогулуш өткөн жерде медициналык жардам көрсөтүүгө жана коопсуз алып чыгып кетүүгө көмөк көрсөтөт;
<…>
9) зарыл учурда курчоо аракеттерин, тынч чогулуштун катышуучуларын коштоо, транспорт кыймылынын каттамдарын тосуу же өзгөртүү, жол белгилерин коюу жол-жоболорун жүзөгө ашырат;
10) каршы жана жарыш чогулуштун катышуучуларынын бири бири менен кагылышууларын болтурбоо, ошондой эле чогулушту өткөрүүнүн жүрүшүндө пайда болгон үзгүлтүккө учуратуу аракеттерин жана башка жаңжалдык кырдаалдарды болтурбоо боюнча чараларды көрөт.
11) Каршы чогулуш өткөрүлгөн учурда ички иштер органдары негизги чогулуштун жана каршы чогулуштун катышуучуларынын бирин бири көрүп, угуп турган чектердеги коопсуз аралыгын белгилейт жана камсыз кылат.
12) Чогулуштар жарыша өткөн учурларда ички иштер органдары бул чогулуштардын катышуучуларынын коопсуз аралыктарын белгилейт жана камсыз кылат.

**7-берене. Ички иштер органдарынын аракеттерин чектөө**
Ушул Мыйзамда каралган мамлекеттик органдардын аракеттерин чектөөлөрдү эске алуу менен тынч чогулуштарды өткөрүүнү уюштуруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууда ички иштер органдарына кошумча төмөнкүлөргө тыюу салынат:
1) тынч чогулуштарга катышууга;

2) тынч чогулуштардын уюштуруучуларына, алардын өкүлдөрүнө жана катышуучуларына укук ченемдүү аракеттерди жүзөгө ашырууларына тоскоолдук кылууга;
3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин айырмалуу белгилерин алып коюуга же жашырууга жана чогулуштардын катышуучуларына ички иштер органынын кызматкеринин ырастама күбөлүктөрүн көрсөтүүдөн жана анын мазмуну менен тааныштыруудан баш тартууга;
4) чогулуштун катышуучуларына же башка адамдарга чогулушту фотосүрөт же видеокөрмө түрүндө тартып алууга тоскоолдук кылууга тыюу салынат

**9-берене. Тынч чогулуштун катышуучуларынын жана уюштуруучуларынын укуктары**

Тынч чогулуштардын катышуучулары жана уюштуруучулары аларды өткөрүү учурунда төмөнкүлөргө укуктуу:
1) тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө маалыматтарды алууга;
2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылууга катышып жаткан кызмат адамдарынын фамилиясы, аты, атасынын аты, кызмат орду, иштеген жери жөнүндө маалыматтарды алууга;
3) жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен байланышууну тоскоолдуксуз жүзөгө ашырууга укуктуу.
<…>
8) чогулуштарды фото- же видео тартууларды жүргүзүүгө;
9) башка адамдар тарабынан укукка каршы катылуулар болгон учурда, ички иштер органдарынан коргоону талап кылууга жана тынч чогулуш өткөрүүдө башка көмөк көрсөтүүлөрүн өтүнүү менен ички иштер органдарынын кызматкерлерине кайрылууга;
10) медициналык жардам көрсөтүүнү жана тынч чогулуш өтүп жаткан жерден коопсуз алып чыгып кетүүгө көмөк көрсөтүүнү талап кылууга;
11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чогулуштун максаттарына жетүүгө тоскоолдук кылган адамдардын укук бузууларын жана аракеттерин токтотуу боюнча чараларды көрүүлөрүн ички иштер органдарынан талап кылууга укуктуу.

**10-берене. Тынч чогулуштун катышуучуларынын жана уюштуруучуларынын милдеттери**

1. Тынч чогулушту өткөрүүдө анын катышуучулары жана уюштуруучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) ушул Мыйзамдын талаптарын жана чогулуштун тынч мүнөзүн сактоого;

2) тынч чогулушту жөнгө салууга тартылган ички иштер органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарын аткарууга;
3) коомдук тартипти жана тынч чогулушту өткөрүүнүн уюштуруучусу тарабынан белгиленген тартипти сактоого милдеттүү.
<…>
6) тынч чогулуштарга катышпаган жарандардын эркин жүрүүсүнө тоскоолдук кылбоого.

**13-берене. Укук бузуучуларга карата ички иштер органдары тарабынан көрүлүүчү чаралар**

Коомдук тартипти бузган, укукка каршы аракеттерди жасаган же жасоого шыкактаган, тынч чогулуштун максатына жетүүгө тоскоолдук кылгандардын аракеттери ашкереленген учурда, ички иштер органдары тынч чогулушту токтотпостон, андай адамдарга карата мыйзамдарга ылайык зарыл чараларды көрүүгө тийиш.

**17-берене. Чогулушту токтотууда күч колдонуу**

1. Чогулушту күч колдонуу менен токтотуу акыркы чара болуп саналат.
2. Эгерде чогулуш укукка каршы максаттар менен күч колдонууга жана курал пайдаланууга барбаса, күч колдонууга, анын ичинде атайын күрөштүн күжүрмөн ыкмаларын, колдо турган каражаттарды, атайын каражаттарды жана курал колдонууга тыюу салынат.

**18-берене. Жоопкерчилик**

Ушул Мыйзамдын ченемдерин бузууга жол берүүгө күнөөкөр адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликтерге тартылышат.

## III БӨЛҮМ. ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ЖАНА ИЧКИ ИШТЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЫЗМАТТЫК УКУКТАРЫ

### 3.1. Журналисттин укуктары

***3.1.1–XII «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» (Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 8-майындагы N 1228-XII Мыйзамынын редакциясына ылайык) 1992-жылдын 2-июлу №938 КР Мыйзамы***

**19-берене. Журналист**

Коомдун турмушунда болуп жаткан окуялар жөнүндө кабарларды чогултуп, жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн материалдарды түзүп, редакциялап жана даярдоочу адам ушул Мыйзамга ылайык журналист болуп эсептелет.

Журналист жогоруда аталган жумуштарды өз алдынча же редакциянын штаттык кызматкери болуу менен иштөөгө укуктуу.

**20-берене. Журналисттин укуктары жана милдеттери**

Журналист:

- маалыматтарды чогултууга жана таркатууга;
- журналисттин кесиптик милдеттерин аткарууга байланыштуу кызмат адамы тарабынан кабыл алынууга;
- кабарлоочунун макулдугу менен маалыматтарды жазууга, анын ичинде зарыл техникалык каражаттар менен жазып алууга;
- журналисттик күбөлүгүн көрсөтүү менен табигый кырсыктар болуп өткөн жерлерде болууга, митингдерге, демонстрацияларга катышууга милдеттүү.

***3.1.2. «Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө» 1997-жылдын 5-декабры. №88 КР Мыйзамы***

**4-берене. Цензурага жол берилбестик**

Коомдук кызыкчылык туудурган, жарандардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу таламдарына, тиешелүү маалыматты алуу үчүн журналистке чек коюуга жол берилбейт.

**5-берене. Журналисттин укуктары**

Кесиптик ишин аткарууда журналист:

- маалымат чогултууга, талдоого жана жайылтууга;
- мамлекеттик органдардан, өз алдынча башкаруу органдарындаг жарандардан, коомдук бирикмелерден, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан коомдук маанилүү маалыматты суратууга жана алууга;
- мамлекеттик же болбосо башка корголуучу сырды, ошондой эле жарыялоого чек коюлган маалыматтардан сырткаркы до-

кументтерге, материалдарга жана маалыматтарды алууга;
- журналисттик иликтөө жүргүзүүгө;
- белгиленген тартипте жаздыруу, анын ичинде техникалык каражаттарды пайдалануу менен жаздыруу жүргүзүүгө;
- журналисттик күбөлүгүн көрсөтүп, соттун ачык жыйындарына, аскердик аракеттердин, табигый кырсыктар болгон жерлерге, массалык иш-чараларга, анын ичинде митингдерге жана демонстрацияларга катышууга;
- жарыялоого даярдалган маалыматтарды текшерүү үчүн адистерге кайрылууга;
- эгерде жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан берилген тапшырма мыйзамды бузууга байланыштуу болсо, андан баш тартууга укуктуу.

**8-берене. Журналисттин кесиптик ишмерлигинин кепилдиктери**

Журналисттин кесиптик укуктары, абийири, ар-намысы жана кадыр-баркы мыйзам тарабынан корголот.

Кесиптик милдеттерин аткарууда журналист инсанга кол тийбестиктин кепилдиктеринен пайдаланат.

<…>

Мамлекет журналистке маалыматты эркин алууга жана жайылтууга кепилдик берет жана кесиптик ишмерлигин жүзөгө ашырууда аны коргоону камсыз кылат.

Журналисттин кесиптик ишине кийлигишүүгө, андан кесиптик милдеттерин аткарууда алынган маалыматтарды талап кылууга тыюу салынат.

**11-берене. Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк журналисттин ишмерлиги**

Кыргыз Республикасында аккредиттелген чет өлкөлүк журналисттин Кыргыз Республикасынын журналисти менен тең барабар укуктарга жана милдеттерге ээ.

***3.1.3. «Маалымат алуунун кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» 1997-жылдын 5-декабры (Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 18-октябрындагы N 147, 2006-жылдын 28-декабрындагы N 214 редакцияларына ылайык) №89 КР Мыйзамы***

**3-берене. Маалымат алуунун кепилдиктери**

Ар бирине маалымат алуу укугуна кепилдик берилет.

Мамлекет ар кимдин маалымат издөө, алуу, иликтөө, жаратуу, берүү жана жайылтуу укуктарын коргойт.

Маалымат алууга жана жайылтууга чек коюу мыйзам тарабынан гана белгиленет.

***3.1.4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарды алуу жөнүндө» 2006-жылдын 28-декабры. №213 КР Мыйзамы***

**21-берене. Жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий маалыматтарды таратуу**

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын басма сөз кызматтары, ошондой эле калк арасында маалыматтык иш алып барууга жооптуу кызматкерлери жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иши жана чечимдери жөнүндө маалыматтар жана материалдар менен жабдууга милдеттүү.

**36-берене. Маалымат берүү боюнча милдеттерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Маалымат берүү боюнча милдетин аткарбагандыгы же талапка ылайык аткарбагандыгы үчүн күнөөлүүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш, административдик, жарандык, тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке тартылат.

**3.2. ИИО кызматкерлеринин укуктары**

***3.2.1. «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» 1994-жылдын 11-январы. №1360 – XII (2012-жылдын 11 октябрындагы N171 КР мыйзамынын редакциясына ылайык) КР Мыйзамы***

**1-берене. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары**

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары — коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча аткаруучу-тескөөчү милдеттерди жүзөгө ашыруучу мамлекеттик куралдуу укук коргоо органы.

**2-берене. Ички иштер органдарынын негизги милдеттери төмөндөгүлөр:**

- коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу.

**3-берене. Ички иштер органдарынын ишмерлиги жана жарандардын укуктары**

Ички иштер органдары өз ишинде жарандардын укугун урматтоого негизденишет жана алардын жарандыгына, социалдык, мүлктүк жана башка абалына, расалык жана улуттук таандуулугуна, жынысына, курагына, билимине жана тилине, динге болгон мамилесине, саясий жана башка ишенимдерине, иштеген ишинин түрүнө жана мүнөзүнө карабастан ар бирин коргоонун кепилдиги болуп саналат.

Жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине ар кандай чек коюуга мыйзамдарда каралган негиздерде жана тартипте гана жол берилет.
Жарандар өздөрүнүн укуктарынын жана эркиндиктеринин чектелиш көйгөйлөрү тууралуу ички иштер органдарынын кызматкерлеринен түшүнүк алууга укуктуу.

**9-берене. Ички иштер органдарынын укуктары**
Ички иштер органдарына (кызматкерлерине) өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн мына буларга укуктуу:
1) Жарандардан жана кызмат адамдарынан коомдук тартипти сактоону, ички иштер органдарынын кызмат укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган укук бузууларды жана аракеттерди токтотууну талап кылууга; мыйзамдуу талаптар аткарылбаган учурда мажбурлоонун Мыйзамдарда каралган чараларын колдонууга;
2) кылмыш кылды же административдик укук тартибин бузду деп шектенүүгө жетиштүү негиздер болгондо граждандардын ким экендигин күбөлөндүргөн документтерин, ошондой эле аткарылышына көзөмөл жүргүзүү ички иштер органдарына жүктөлгөн эрежелердин сакталышын териштирүүгө зарыл болгон башка документтерди текшерүүгө;
3) административдик укук бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө, өз компетенциясынын чегинде административдик жаза чараларын колдонууга, укук бузуучуларды кармоого жана ички иштер органдарына жеткирүүгө, буюмдарды жана транспорт каражаттарын жеке карап чыгууга, буюмдарды жана документтерди алып коюга, административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү камсыз кылуунун мыйзамда каралган башка чараларын колдонууга;
4) кылмыш жасагандыгы боюнча шектүү деп кармалган, же болбосо селсаяктык жана кайырчылык кылгандыгы үчүн кармалган адамдарды, камакка алынгандарды, кыянаттык менен кылмыш жасагандарды, административдик камакка алынгандарды мыйзамдарда каралган учурларда сүрөткө тартууга, үнүн жаздырып алууга, киного жана видео-көрмө тасмага тартып алууга, дактилоскопиядан жана каттоодон өткөрүүгө;
<…>
17) ыкчам издөө иш-чараларын жана тергөө аракеттерин жүргүзүү, ошондой эле жарандардын жеке коопсуздугун, коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында айрым тилкелерге, объектилерге жана аймактарга барышын чектөөгө же ага убактылуу тыюу салууга акылуу.

**10-берене. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктук абалы жана алардын ишмерлигинин кепилдиктери**
<…>
Ички иштер органынын кызматкери бийлик өкүлү болуп эсептелип, мамлекеттин коргоосу астында болот жана кызматтык мил-

деттерин аткаруу учурунда эч ким тийгис укугуна ээ. Ички иштер органдарынын кызматкеринин мыйзамдуу талаптары граждандар жана кызмат адамдары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат.

**12-берене. Ички иштер органдарынын (кызматкерлеринин), күч колдонуу, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу укугу**

Ички иштер органдарына (кызматкерлерине) ушул Мыйзамда каралган тартипте айрым кырдаалдарда күч колдонууга, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонууга укук берилет.

**13-берене. Күч колдонуу**

Ички иштер органдарынын кызматкерлери кылмыштарды жана башка укук бузууларды болтурбай коюу жана аларга бөгөт коюу, аларды жасаган адамдарды кармоо, өзүн-өзү коргоо, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин мыйзамдуу таламдарына каршы жасалган аракеттерди жокко чыгаруу үчүн, эгерде күч колдонбой турган ыкмалар жүктөлгөн милдеттерди аткарууну камсыз кыла албаса, күч колдонушат, анын ичинде мушташтын атайын аскердик ыкмаларын жана колдо турган каражаттарды колдонушат.

**14-берене. Атайын каражаттарды колдонуу**

Ички иштер органдарынын кызматкерлери ички иштер органдырынын куралдануусунда болгон атайын каражаттарды төмөндөгүдөй учурларда:

1) ички иштер органдарынын кызматкерлерине жана коомдук тартипти камсыз кылуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча кызматтык же коомдук милдетин аткарып жүргөн башка адамдарга жарандандар кол салганда;

<…>

3) массалык тартипсиздиктерге жана коомдук тартипти тобу менен бузууларга бөгөт коюу үчүн;

4) кимге таандык экендигине карабастан имараттарга, курулуштарга, турак жайларга, транспорт каражаттарына, жер тилкелерине кол салынганда же болбосо аларды бошотуу үчүн;

5) эгерде укук бузуулар ички иштер органдарынын кызматкерлерине, коомдук тартипти камсыз кылуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарып жүргөн башка адамдарга баш ийбесе же каршылык көрсөтсө, аларды кармоо, ички иштер органдарына жеткирүү, кармалгандарды, камакка алынгандарды, административдик камакка алынгандарды коштоп жүрүү жана кайтаруу үчүн же болбосо алардын качып кетиши же тегерегиндегилерге же өзүнө зыян келтириши мүмкүн деп ойлоого негиздер болсо, ошондой эле ички иштер органдарынын кызматкерлерине өздөрүнө Мыйзам тарабынан жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашырууга атайылап тоскоолдук кылган адамдарга карата колдонулат.

Өмүргө коркунуч келтирип кол салгандан, тобу менен кол салгандан же болбосо куралдуу каршылык көрсөткөндөн баш-

ка учурларда аялдарга, жаш балдарга, майып экендиги ачык көрүнүп турган адамдарга карата атайын каражаттарды колдонууга тыюу салынат.

Атайын каражаттардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

**15-берене. Ок атуучу куралды колдонуу жана пайдалануу**

Ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан ок атуучу курал төмөндөгүдөй учурларда:

1) граждандардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген кол салуудан граждандарды жана өзүн-өзү коргоо, ошого тете барымтага алынгандарды бошотуу үчүн;

2) ички иштер органдарынын кызматкерлерине же коомдук тартипти сактоо жана кылмыштылуулукка каршы күрөшүү боюнча коомдук милдетин аткарып жүргөн адамдарга топтошуп же куралдуу кол салуунун, ошондой эле алардын өмүрүнө же саламаттыгына коркунуч келтирген башка кол салуунун мизин майтаруу үчүн;

3) маанилүү жана кайтаруудагы объектилерге, граждандардын турак үйлөрүнө, мамлекеттик жана коомдук органдардын, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин имараттарына топтошуп же куралдуу кол салуунун, ички иштер органдарынын аскердик же кызматтык тобуна кол салуунун мизин майтаруу үчүн;

4) куралдуу каршылык көрсөткөн адамдарды же кылмыш кылып жаткандарды, камактан качкандарды (административдик камактагылардан башкаларды) кармоо үчүн, ошондой эле куралын таштоо жөнүндө мыйзамдуу талапты аткаруудан баш тарткандарды кармоо үчүн колдонулат.

<…>

Аялдарга же жашы жете электерге карата курал колдонууга алар куралдуу кол салгандан, куралдуу каршылык көрсөткөндөн, кишилерди, транспорт каражаттарын барымталагандан же өмүргө коркунуч келтирип топтошуп кол салгандан башка учурларда тыюу салынат.

Эгерде ички иштер органдарынын кызматкерлери түзүлгөн жагдайда курал колдонуу мүмкүнчүлүгү бар деп эсептесе, куралды кабынан чыгарып, даярдап коюуга укуктуу.

<…>

Курал колдонулган жана пайдаланылган ар бир учурда ички иштер органдарынын кызматкери айланасындагы граждандардын коопсуздугун камсыз кылууга, жабыр тарткандарга медициналык тез жардам көрсөтүлүшү үчүн зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

## IV БӨЛҮМ. ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ЖАНА ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

### 4.1. Журналисттердин милдети

***4.1.1. №938 –XII «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» 1992-жылдын 2-июлу (Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 8-майындагы N 1228-XII Мыйзамынын редакциясына ылайык) Кыргыз Республикасынын мыйзамы***

**20-берене. Журналисттин укуктары жана милдеттери**

Журналист:

- өзүнүн билдирүүлөрүнүн ынанымдуулугун текшерүүгө милдетттүү;

<….>

***4.1.2. №88 «Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 1997-жылдын 5-декабры***

**7-берене. Журналисттин милдеттери**

Кесиптик ишин жүзөгө ашырууда журналист:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана эл аралык келишимдеринин талаптарын сактоого;
- даярдалган материалдардын жана билдирүүлөрдүн ынанымдуулугун текшерүүгө, ошондой эле калыс маалымат берүүгө;

<…>

- инсандын укуктарын жана эркиндиктерин, ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого милдеттүү.
- журналист мыйзамдар тарабынан каралган башка милдеттерди да өз мойнуна алып жүрөт.

**11-берене. Чет өлкөлүк журналисттин Кыргыз Республикасындагы ишмерлиги**

<…>

Кыргыз Республикасынын аймагында өз кесиптик ишмерлигин аткарып жүргөн чет өлкөлүк журналист Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого милдеттүү.

**13-берене. Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Мамлекеттик органдардын, граждандардын өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызмат адамдары:

- журналисттин мыйзамдуу кесиптик ишине тоскоолдук кылгандык;
- журналистке кысым көрсөткөндүк, анын кесиптик ишине кийлигишкендик;

- журналисттин материалдарын жана зарыл болгон техникалык каражаттарын мыйзамсыз алып койгондук;
- журналистке ынанымсыз жана калыс эмес маалыматты бергендик үчүн жоопкерчилик тартат.

Ушул Мыйзам тарабынан белгиленген журналисттин укуктарын бузуу, анын ар-намысын жана кадыр-баркын мазактоо, ал тарабынан кесиптик ишин жүзөгө ашырууга байланыштуу журналисттин өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө коркунуч келтирүү, күч колдонуу же кол салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

**14-берене. Журналисттин жоопкерчилиги**
Журналист өзү даярдаган жана жайылткан билдирүүлөрдүн жана материалдардын ынанымдуулугу үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

***4.1.3. №89 «Маалымат алуунун кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» 1997-жылдын 5-декабры (2002-жылдын 18-октябрындагы N 147, 2006-жылдын 28-декабрындагы N 214 редакциясына ылайык) Кыргыз Республикасынын мыйзамы***

**11-берене. Маалыматтын ынанымдуулугу жана маалымат укугун бузгандык үчүн жоопкерчилик**
<…>
Массалык маалымат каражаттары жарыяланып жаткан маалыматтардын ынанымдуулугун текшерүүгө милдеттүү жана анын ынанымдуулугу үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте маалыматтын булагы менен биргелешип жоопкерчилик тартат.
Маалымат укугун бузгандык үчүн күнөөлүү адамдар мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

**4.2. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин милдети**

***4.2.1. №1360 – XII «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» 1994-жылдын 11-январы (2012-жылдын 11-октябрындагы N 171 редакцияларына ылайык) Кыргыз Республикасынын мыйзамы***

**3-берене. Ички иштер органдарынын ишмерлиги жана жарандардын укуктары**
Кармалган, камалып кайтарыкка алынган жана соттолгондорго юридикалык коргоо укугунан пайдаланууга, тууган-туушкандарына, окуган же иштеген жеринин администрациясына анын кармалган жеринин дареги билдирүүгө ички иштер органдары мүмкүнчүлүк берет
Зарыл учурда медициналык же башка жардам көрсөтүүгө, ошондой эле кармоо, камакка алуу, соттоо учурунда өмүргө, ден соолукка жана жарандардын мүлкүнө келтирилген коркунучту четтетүү боюнча ички иштер органдары тезинен чара көрүшөт.

**8-берене. Ички иштер органдарынын милдеттери**

Ички иштер органдары өз компетенциясынын чегинде төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылууга;

<…>

5) укук бузуулардын жана кырсыктардан жапа чеккен, ошондой эле жардамга муктаж болгон алсыздарга кечиктирилгис жардам көрсөтүүгө милдетүү;

<…>

Ички иштер органдарынын кызматкерлери ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн учурлардан башка кырдаалдарда бет кеп кийип жүрүүгө акысы жок жана жаран талап кылган кезде өзүнүн кызмат күбөлүгүн көрсөтүүгө милдеттүү.

Кызмат күбөлүгүн көрсөтүүдөн баш тарткан учурда ушул берененин 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурдан башка кырдаалда жаран ички иштер кызматкеринин талаптарын орундатпай коюуга акысы бар.

Кылмыш кылгандарды кармоодо, барымтага алынгандарды бошотуу, кармалгандарды, камалгандарды жана соттолгондорду коштоодо жана кайтаруу өңдүү атайын операцияларды жүргүзүүдө ички иштер органдарынын кызматкерлери бет кеп кийип жүрө алышат.

**11-берене. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги**

Ички иштер органдарынын кызматкерлери өздөрүнүн кызматтык укугунун чектеринде
өз алдынча чечимдерди кабыл алышат жана Мыйзамга ылайык өздөрүнүн укукка жат аракеттери же аракетсиздиги үчүн жоопкерчилик тартышат.

Эгерде ички иштер органынын кызматкерине Мыйзамга карама-каршы келген буйрук же көрсөтмө берилсе, ал Мыйзамды жетекчиликке алат.

# V БӨЛҮМ. КЕСИПТИК МИЛДЕТИН АТКАРУУ УЧУРУНДА КООПСУЗДУКТУ САКТОО БОЮНЧА ЖУРНАЛИСТТЕРГЕ КЕҢЕШТЕР

## 5.1. Массалык иш-чараларды чагылдыруу учурунда жеке коопсуздугун камсыздоо боюнча ЖМК кызматкерлерине кеп-кеңештер

1.Сиз журналисттик күбөлүгүңүздү көрсөтүп согуш болуп жаткан, кырсык болгон, массалык иш-чаралар, анын ичинен митинг жана демонстрациялар өтүп жаткан жерлерге болууга укугуңуз бар (*«Журналисттин кесиптик ишмерлигин коргоо жөнүндө» КР мыйзамы. 5-берене*).

2.Тынч чогулуш эркиндигине ар биринин укугу бар (*КР Конституциясы34-берене*). Тынч чогулушка баруу үчүн аккредитациялоо жана кошумча макулдук алуу талап кылынбайт.

3. Тынч согулуш өткөрүүгө тыюу салууга, ошондой эле аны камсыз кылуудан баш тартууга дол берилбейт (*КР Конституциясы 34- берене*). ИИО кызматкерлери ЖМКлардын тоскоолдуксуз иштөөсүн камсыз кылат; тынч чогулуштун катышуучуларына ызаатоо менен мамиле кылат, тынч чогулуштун катышуучуларын жана башка адамдарды, ошондой эле алардын мүлкүнө укук бузуу аракети менен кол салуудан сактайт; медициналык жардам көрсөтүүгө жана тынч чогулуш өтүп жаткн жерден алып чыгып кетүүгө өз ара көмөктөшөт (*«Тынч чогулуштар жөнүндө» КР мыйзамы 6-берене*).

4. Орнотулган тартиптин чегинде жазуу иштерин, ошондой эле аны техникалык каражаттарды пайдалануу менен жүргүзүүгө укугуңуз бар (*«Журналисттин кесиптик ишмерлигин коргоо жөнүнд» КР мыйзамы 5-берене*),*«Тынч чогулуштар жөнүндө» КР мыйзамы 9-берене*). Жалпы эл чогулган кырдаалда сүрөткө тартуу жана видео-көрмө жүргүзүү үчүн катышуучулардын макулдугун алуу талап кылынбайт(*ст.19 КР ЖК*).
Тынч чогулуш болуп жаткан жерде анын катышуучуларына жана башкаларга сүрөт же видео-көрмө тартууларды жүргүзүүсүнө ИИО кызматкерлеринин тоскоолдук кылууга акысы жок. Буга мыйзам тыюу салат (*«Тынч чогулуштар жөнүндө» КР мыйзамы 7-берене*). Ошондой болсо дагы фотоаппарат, видеокамера, диктофон, мобилдик телефон сыяктуу бардык техникалык каражаттарды элдин жыш чогулган жеринен окчун кармаңыздар. Колдон келсе топтун кыжырына тийбөө үчүн флип-камера алып жүргөн дурус.

5. Кандай гана массалык иш-чараны чагылдырууга барбаңыз жаныңызда ар дайым документ (паспорт, күбөлүк) салып жүрүңүз. Бул митигдерди таратуу учурунда абдан зарыл, себеби мындай

кыйчалыш кырдаалда сиздин кимдигиңизди териштирип отурууга чама келбейт. Окуянын катышуучуларынан айырмалуу өз статусуңузду тастыктаганбелгилерди тагынып жүрүңүз «журналист/ЖМК өкүлү »

6. Мындай иш-чарага жөнөрдүн алдында редакциялык топ өз мүчөлөрүнүн бири бири менен байланышта болуу ыкмаларын алдын ала макулдашып алуусу зарыл. Редакцияга телефонуңуздун бардык номерлерин таштаңыздар. Өз кесиптештериңиздердин, ЖМК жетекчилеринин, укук коргоочулардын, сактап калуу жана тез жардам кызматтарынын номерлерин телефонуңуздун тез чакырма кнопкаларына коюп алыңыз. «Жарадармын», «кармоого кабылдым», ж.б. СМС билдирүүлөрдү алдын ала даярдап алыңыз. Кайсы жерде жүргөнүңүздү ар дайым билдирип туруңуз.

7. Эгерде ар ким өз алдынча бара турган болсо, кесиптештериңиз менен жолукчу жерди болжоп алыңыздар. Окуя болуп жаткан жерге жакындаганда же кетип жаткан учурда редакцияга кабарлаңыздар. Иш-чарада болуп жаткан мерчемдүү окуялар тууралуу мезгил мезгили менен кабрлап туруңуздар. Чогулгандарды таратып кубалоо болуп калса өз тобуңуздардын жолуга турган жерин алдын ала макулдашып алыңыздар.

8. Ар дайым сак болуңуз. Каршылаш тараптардын эч кимиси менен талаш-тартышка барбаңыз, кандай процесс болсо дагы ага катышпаңыз, болбосо катышуучулардын чатакташып калуусуна түрткү болосуз. Кол салуудан сактануу үчүн кесиптештериңизден алыстабаңыз.

9. Топтошкон эл тополоңго түшүп, башкарылбай калса, дүрбөлөңгө түшпөңүз. Топту «таратып кубалоо» учурунда катышуучуларга кошулуп качпаңыз. Иш-чаранын катышуучулары менен кагылышып калбоого тырышыңыз жана окуянын чордонунан тез чыгып кетиңиз. Мындайда четтен байкоо салуу коопсузураак.

10. Топтун чок ортосунда калбоого аракеттениңиз. Массалык иш-чаранын катышуучулары бир тарапка жүрүш жасаса, андан окчун жүрүңүз. Катышуучулардын агымына каршы жүрбөңүз. Эгерде топтошкон элдин агымы сизди кошо алып кетсе, анын чок ортосунда же эң четинде калбаңыз. Элдин кысымында калсаңыз эки колуңузду көкүрөгүңүзгө бүгүп алыңыз — мындай калып сизди кысуудан сактап, дем алууңузду жеңилдетет. Айнек витриналарга, бак-дарактарга, дубалдарга жана башка туюк жерлерге кептелип калуудан сак болуңуз

11. Сырткы түрүңүз калың элдин көңүлүн бурбагыдай болсун. Камуфляж өңүндөгү кийим кийбеңиз, ИИО кызматкерлерине окшоштук акциянын катышуучуларынын кыжырын келтирүүсү мүмкүн. Кийимиңиз табигый материядан тез кыймылдоого оңтойлуу, кенен, бирок дене-боюңузга тыкан отурган, кыжырды келтирген ачык түстө болбогону оң. Топчулуктарыңызды топчулап, сыдырмаларыңызды сыдырып алыңыз. Боосу жок, оңтойлуу спорт бут кийим кийип алыңыз. Колдон келишинче көз айнекти контакт линзаларына алмаштырыңыз.Өзүңүздү коопсуздандыруу максатында кооздук зергер буюмдарды, шарф, жоолук, галстук ж.б. тагынуудан, кол телефондорго боо тагып алуудан баш тартыңыз. Кесип кетүүчү, учтуу курч буюмдарды, айнектен жасалган нерселерди жаныңызда алып жүрбөңүз — алар өзүңүзгө сайылып калышы ыктымал. Эгерде алар кокус жанызда бар болуп калса, топ кыса баштаганда алардан арылууга аракет кылыңыз.

12. Тамак, суу жана көздү, дем алуу органдарын сактай турган-каражаттар (коргоочу көз айнек, респиратор) салынган жеке кичирээк артынма сумка алып жүрүңүз. Сумка жок болсо, анда таза жүз аарчы/чакан кол жоолук жана таза суу куюлган бөтөлкө ала жүрүңүз. Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн аптеканын чакан буюмдарын (чоюлма бинт, марли бинт, жгут, кебез, лейкопластырь, спирт салфеткалары, ооруксунууну басуучу каражаттар, валидол, нитроглицерин, нашатыр спирти, активдешкен көмүр таблеткасын) алып жүрүү маанилүү.

13. Көздөн жаш чыгаруучу газды жана түтүн шашкаларын колдонуу учурларында ИИО кызматкерлери жылган тарапка жылуу керек. Көздөн жаш чыгаруучу газ чыгарылган кезде шамалга каршы тарапта болуңуздар. Ооз, мурунуңуздарды сууланган таза жүз аарчы менен жаап алыңыздар. Аны улам-улам суулап алып ошол жүз аарчы аркылуу дем алыңыздар. Эгер көзүңүз ачыша баштаса, жашыңыз аркылуу ууланган зат чыгып кетсин үчүн көзүңүздүү тез-тез ымдап ачып-жумуңуз. Көзүңүздү колуңуз же кийимиң менен сүртпөңүз. Сырткы кийимиңизди чечип жибериңиз. Колдон келишинче эртерээк ууланган жерден чыгып кетиңиз. Тез жардам чакырыңыз. Кийинчерээк, кийим-кечени ууланган газдан арылтуу үчүн аны эки-үч сыйра жууп чыгуу зарыл.

14. Жаракат алган кезде канды тезинен токтотуу зарыл. Жаракат чакан болсо анын чеке-белин йоддун спирт эритмеси же «зеленка» менен майлап, жарааттын өзүн водороддун перекиси менен жууп, стерилденген материал менен жаап, антисептикалык таңуу менен таңып коюу керек. Жараатты эч качан суу же башка суюктук менен жууганга болбойт. Жараатка батып кеткен сыныктарды, кийимдин үзүктөрүн жана башка нерселерди

өз алдынча сууруп чыгууга болбойт. Үстүртөн алган чакан жаракаттын (капиллярдык же кичирээк артерия) канын токтотуу үчүн үстүнөн бастыра таңып коюу менен токтотууга болот, бирок өтө катуу таңбаш керек. Колу-буттун жарактынан кан катуу кетип жатса, үстүңкү тарабынан жгут менен таңа салып, тезинен тез жардам чакыруу зарыл.

## 5.2. ТАЖРЫЙБАЛЫК КЕҢЕШТЕР: ЭГЕРДЕ ЖУРНАЛИСТ ЗОМБУЛУККА КАБЫЛСА

***Күбөлөр***

Журналисттерге кол салуу учурларын иликтөө учурунун эң башкысы бул — күбөлөрдүн болуусу. Күбөлөр тууралуу бардык маалыматтарды жазып алууга аракеттениңиз (аты-жөнү, телефон номери, ал тургай иштеген жерин тактоо ж.б.). күбөлөр канчалык көп болсо, болгон окуяны тактап чыгууга тергөөчү үчүн ошончолук жеңил болот.

***Деталдар***

Кол салгандын белги-бетелерин ийне-жибине чейин эстеп калууга аракеттенүү зарыл: кийген кийиминин өңү-түсү, бет келбетинин өзгөчөлүктөрү, үнү, жүргөн-турганы, машинанын номери д.у.с. Ушундай маалыматтардын бардыгын биринчи эле мүмкүндүк болору менен жазып калуу зарыл, себеби окуя эскирген сайын эстутумдан өчүп калат.

***Арыз менен кайрылуу***

Эгерде кол салууга кабылсаңыз, окуя болуп өткөн райондун ИИОна сөзсүз арыз менен кайрылыңыз. Сиз арыз жазып кайрылбасаңыз, сизге карата жасалган кылмышты эч ким иликтөөгө киришпейт. Арызда окуянын деталдарын дыкаттык менен сүрөттөп, окуя болуп өткөн жерди, күндү, убакыт-саатын жана кырдаалды толук көрсөтүү зарыл.
Эгерде журналист укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан анын укугуна каршы келген кысмакка кабылган болсо, анда алардын аракеттерине арызданып райондук (шаардык, областтык) прокуратурага кайрылууга укуктуу.
Арызды жүйөсүз кабыл албай койгон учурда сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар.

***Укук бузууларды каттоо***

Эсиңиздеболсун: арыз укук коргоо органдарына берилген учурдан баштап катталат. Арызды эки экземплярда жазган оң, биринчи арыз сиз кайрылган органда калат, көчүрмөсүн өзүңүзгө сактап коёсуз. Арызды берген соң анын катталышына сөзсүз көз салыңыз. Өзүңүздө кала турган көчүрмөдө дагы арыз кабыл алынган дата, катталган номери, каттаган кызматкердин колу болууга тийиш. Бул саталган органдарга сиз өткөргөн арыздын жоголуп кетпөөсүнүн кепилдиги боло алат.

***Медициналык кароо***

Эгерде кол салуу учурунда сиздин денеңизге жаракат келтирилген болсо, укук коргоо органдарына кайрылган кезде соттук-медициналык экспертизадан өтүп келүү үчүн жолдомо берүүнү талап кылышыңыз керек. Медициналык текшерүүдөн

өтүү алган жаракаттын салмак даражасын тастыктоо үчүн зарыл, демек алган жаракаттын даражасына жараша кылмышты квалификациялоого таасир берет. Арыз менен кайрылар замат медициналык кароодон өтүү абдан маанилүү.

***Көзөмөл-байкоо жүргүзүү***

Сиз берген арыз боюнча укук коргоо органдарындагы иштин жүрүшүнө өзүңүз көзөмөл жүргүзүп турууңуз керек. Өтүнүч жана арызданууларды өткөрүү, арызыңыз кайсы стадияда каралып жаткандыгын ар дайым телефон чалып сурап-билип туруу зарыл.

***Кылмыш ишин козгоо***

Кылмыш ишин козгоо жөнүндөгү чечим 3 күндүн, айрым өзгөчө учурларда — 10 күндүн ичинде кабыл алынууга тийиш. Иликтөө ишинин жүрүү мөөнөтү 2 айды, иш жеңил болсо— 1 айды түзөт. Иштин материалдары менен кайсы гана стадиясында болбосун таанышып турууга укуктуусуз.

***Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу***

Кылмыш ишин козгоодон баш тарткан учурда 3 күндүн ичинде, айрым өзгөчө учурларда — 10 күндүк мөөнөттүн ичинде токтом чыгарылып, ал жөнүндө арыз жазган адамга кабарланат. Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жообу жүйөлүү болууга тийиш. Чечим баш тартуу кабары алынган күндөн баштап 7 күндүн ичинде прокуратуранын тиешелүү органдарында же сотто кайра карала алат.

***Байкоочу органдарга арыз менен кайрылуу***

Эгерде ишти териштирүүдө тергөөчү өз кызматтык милдетин толугу менен аткарбай жатса, тергөөчүнүн аракеттери же аракет кылбай жаткандыгы тууралуу тиешелүү райондун прокуратурасына арыз менен кайрылууга укугуңуз бар. Арызды кабыл алуудан баш тартуу сотто каралууга акылуу

# VI БӨЛҮМ. ТИРКЕМЕ

## 6.1. Байланыштардын тизмеси

### *6.1.1. Бишкек шаардык райондордун ички иштер башкармалыктары*

| ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМЫЛЫГЫ | | |
|---|---|---|
| *№* | *Аталышы/Дареги* | *Телефон* |
| 1 | **Октябрь району**<br>**Бишкек ш., Скрябин көч., 86 үй** | (0312) 544184 |
| 2 | **Биринчи май району**<br>**г. Бишкек, ул. Панфилов көч., 1/а** | (0312) 566043 |
| 3 | **Свердловского района**<br>**Бишкек ш., Сүйүмбаев көч., 73** | (0312) 433275 |
| 4 | **Ленин району**<br>**Бишкек ш., Москва көч., 203** | (0312) 3526005 |
| 5 | **Аламүдүн району**<br>**Бишкек ш., Жибек жолу пр., 68** | (0312) 603002 |
| 6 | **Шаардык ИИБ**<br>**Бишкек ш., Панфилов көч., 64 а** | (0312) 685794 |

### *6.1.2. КР Министликтеринин пресс-кызматтары*

| ПРЕСС–КЫЗМАТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| *№* | *Аталышы/Дареги* | *Телефон/E - mail* |
| 1 | **Ички иштер министрлиги**<br>**Бишкек ш., Фрунзе көч. 469** | (0312) 662156<br>www.mvd.kg,<br>press@mvd.kg |
| 2 | **Тышкы иштер министрлиги**<br>**Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 57** | (0312) 626559<br>www.mfa.kg,<br>pressslujba@gmail.com |
| 3 | **Финансы министрлиги**<br>**Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 58** | (0312) 626580<br>www.minfin.kg,<br>pressa@minfin.kg |
| 4 | **Айыл чарба жана мелиорация министрлиги**<br>**Бишкек ш., Киев көч., 96а** | (0312) 623616<br>www.agroprod.kg<br>agroprod@agroprod.kg |
| 5 | **Транспорт жана байланыш министрлиги**<br>**Бишкек ш., Исанов көч., 42** | (0312) 314822<br>www.mtk.gov.kg,<br>mtk@mtk.gov.kg |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | **Өзгөчө кырдаалдар министрлиги г. Ош, ул. Муминова, 11** | (0312) 547986<br>mchs.osh@elcat.kg |
| 7 | **Энергетика жана өндүрүш министрлиги Бишкек ш., Ахунбаев көч., 119** | (0312) 560317<br>www.energo.gov.kg |
| 8 | **Илим жана билим берүү министрлиги Бишкек ш., Тыныстанов көч., 257** | (0312) 662442/ 621520<br>www.edu.gov.kg,<br>minedukg@gmail.com |
| 9 | **Саламаттык сактоо министрлиги г. Бишкек, ул. Москва көч., 148** | (0312) 665830<br>www.med.kg,<br>e_bayalinova@mz.med.kg |
| 10 | **Маданият, туризм жана маалымат саясаты министирлиги г. Бишкек, ул. Пушкин көч., 78** | (0312) 662683<br>www.minculture.gov.kg,<br>mincultkr@mail.ru |
| 11 | **Социалдык өнүгүү министрлиги Бишкек ш., Тыныстанов көч., 215** | (0312) 663400<br>www.mlsp.kg,<br>mlsp@mlsp.kg |
| 12 | **Экономика министрлиги Бишкек ш., Чүй проспекти106** | (0312) 620535 доб 137<br>www.mineconom.kg<br>m.mamatova@mineconom.kg |
| 13 | **Эмгек, миграция жана жаштар министирлиги Бишкек ш., Раззаков көч.,8/1** | 0(312) 300912,<br>www.mz.kg<br>pressa_mdmkr@mail.ru |
| 14 | **МУКК Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 70** | (0312) 661455<br>www.gknb.kg,<br>pressagsnb@gmail.com |

### *6.1.3. Телекөрсөтүү жана радиоуюмдар*

| **ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ЖАНА РАДИО** | | |
|---|---|---|
| ***№*** | ***Аталышы/Дареги*** | ***Телефон/E - mail*** |
| 1 | **5 канал Бишкек ш., Ибраимов көч., 24** | (0312) 592075,<br>info@5tv.kg |
| 2 | **НБТ Бишкек ш., Шабдан баатыр көч., 6а** | (0312) 903131,<br>nbt_tv@list.ru |
| 3 | **НТС Бишкек ш., Токомбаев көч., 46а** | (0312) 440540,<br>www.nts.kg, info@nts.kg |
| 4 | **ОТРК Бишкек ш., Молодая гвардия, 59** | (0312) 392059,<br>www.ktrk.kg,<br>public@ntrk.kg |
| 5 | **Пирамида Бишкек ш., Джантөшев көч., 70** | (0312) 510011,<br>piramidatv@yandex.ru |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | **Азаттык**<br>**Бишкек ш., Бөкөмбаев көч., 177** | (0312) 316082<br>azattyk@elcat.kg |
| 7 | **Бишкекское бюро ВВС**<br>**Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 14** | (0312) 624575<br>cholpon_bbc@mail.ru |

### *6.1.4. Мезгилдүү басма сөз*

| **МЕЗГИЛДҮҮ БАСМА СӨЗ** | | |
|---|---|---|
| ***№*** | ***Аталышы/Дареги*** | ***Телефон/Е - mail*** |
| 1 | **Агым**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Усенбаев көч., 2/Бөкөнбаев көч.** | (0312) 386708<br>agym2@vb.kg |
| 2 | **Азат kg**<br>**Бишкек ш., Киев көч., 77** | (0312) 902726<br>azatkg@yandex.ru |
| 3 | **Алиби**<br>**Бишкек ш., Токтогул көч., 167** | (0312) 312770<br>gazetaalibi@mail.ru |
| 4 | **Асман-too**<br>**Бишкек ш., Ибраимов көч., 115** | (0312) 933622<br>turatkg@presskg.com |
| 5 | **Аргументы и факты в Кыргызстане**<br>**г. Бишкек, ул. Ибраимова, 30/1** | (0312) 906336<br>www.aif.kg,<br>aif-kg@mail.ru |
| 6 | **Вечерний Бишкек**<br>**Бишкек ш., Усенбаев көч., 2** | (0312) 298835<br>www.vb.kg,<br>info@vb.kg |
| 7 | **Дело №**<br>**Бишкек ш., Фрунзе көч., 282а** | (0312) 431121<br>www.delo.kg,<br>delonom@ktnet.kg |
| 8 | **Деньги&власть**<br>**Бишкек ш., Лермонтов көч., 2** | (0312) 897643<br>www.bishkekinfo.kg,<br>bishkekinfo@gmail.com |
| 9 | **Де-Факто пресс**<br>**Бишкек ш., Ибраимов көч.**<br>**(Учкун имараты, 6 эт)** | (0312) 591618<br>df.press@gmail.com |
| 10 | **Комсомольская правда в Кыргызстане**<br>**Бишкек ш., Раззаков көч., 22, кв.5** | (0312) 300614/300623<br>www.kp.kg,<br>kp@kp.kg |
| 11 | **Кербен**<br>**Бишкек ш.,Фучик көч., 2** | (0312) 658565<br>kirgiz_karavan@mail.ru |
| 12 | **Кереге**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Абдрахманов көч., 170/а** | (0312) 663721<br>Сайта и эл. почты нет |

| | | |
|---|---|---|
| 13 | **Кыргыз Туусу**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Абдумомунов көч., 193** | (0312) 622018<br>kyrgyztuusu@gmail.com |
| 14 | **Кут билим**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Тыныстанов көч., 257** | (0312) 621195<br>kutbilim@monk.bishkek.gov.kg |
| 15 | **Московский Комсомолец - Азия**<br>**Бишкек ш., Токтогула көч., 84/1** | (0312) 623774<br>www.mk.kg<br>mk@elcat.kg |
| 16 | **МСН**<br>**Бишкек ш., Усенбаев көч., 2** | (0312) 486215<br>www.msn.kg.<br>city@infotel.kg |
| 17 | **Майдан.kg**<br>**Бишкек ш., Горький көч., 1** | (0312) 663435<br>washington_07@mail.ru |
| 18 | **Российская газета**<br>**в Кыргызстане**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Турусбеков көч., 88/1** | (0312) 611509<br>www.rg.ru,<br>saimanet@rg.ru |
| 19 | **Слово Кыргызстана**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Абдумомунов көч., 193** | (0312) 622050<br>www.slovo.kg,<br>info@slovo.kg |
| 20 | **Супер Инфо**<br>**Бишкек ш., Фрунзе көч., 402** | (0312) 474343<br>www.super.kg,<br>info@super.kg. |
| 21 | **Тамчы**<br>**Бишкек ш., Киев көч., 77** | (0312) 902716<br>www.tamchy.com |
| 22 | **Учур**<br>**Бишкек ш., Усенбаев көч., 106** | (0312) 909523<br>surat-59@mail.ru |
| 23 | **Шамбала**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Фучик көч., 2/ Дэн Сяопин пр.** | (0312) 658565<br>kirgiz_karavan@mail.ru |
| 24 | **Фабула**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Шабдан баатыр көч., 4/б, 3эт** | (0312) 533326<br>forum0312@gmail.com |
| 25 | **Эркин Тоо**<br>**Бишкек ш., Ибраимов көч., 24** | (0312) 623875<br>www.erkintoo.kg,<br>erkintoo@elcat.kg |

### *6.1.5. Маалымат агенттиктери*

| МААЛЫМАТ АГЕНТТИКТЕРИ | | |
|---|---|---|
| *№* | *Аталышы/Дареги* | *Телефон/E - mail* |
| 1 | **24.kg**<br>**Бишкек ш., Шопоков көч., 121/1** | (0312) 660288<br>www.24.kg,<br>info@24.kg |
| 2 | **АКИpress.kg**<br>**Бишкек ш., Москва көч., 189а** | (0312) 455438<br>www.akipress.kg,<br>akipress@gmail.com |
| 3 | **Кабар**<br>**Бишкек ш., Абдрахманов көч., 175** | (0312) 960543<br>kabar@kabar.kg |
| 4 | **КирТаг**<br>**Бишкек ш.,**<br>**Москва көч., 143, офис 7** | (0312) 900313<br>office@kyrtag.kg |
| 5 | **K-news**<br>**Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 177** | (0312) 874187<br>info@knews.kg |
| 6 | **Бишкек ИНФО**<br>**Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 145** | (0312) 314701<br>bishkekmaria@mail.ru |

### *6.1.6. Эл аралык агенттиктердин өз кабарчылары*

| *№* | *Аталышы/Аты-жөнү* | *Телефон/E-mail* |
|---|---|---|
| 1 | **Ассошиэйтед пресс,**<br>**Лейла Саралаева** | (0550) 204949,<br>saralaeva@yandex.ru |
| 2 | **Интерфакс,**<br>**Наталья Любезнова** | (0550) 580188,<br>interfax-kg@mai.ru |
| 3 | **ИТАР-ТАСС,**<br>**Вадим Нешкумай** | (0555) 950192,<br>neshkumay@mail.ru |
| 4 | **Рейтер,**<br>**Ольга Дзюбенко** | (0555) 760111,<br>dzyubenko312@mail.ru |
| 5 | **РИА Новости,**<br>**Юлия Орлова** | (0555) 586439,<br>ria_news@mail.ru |
| 6 | **Франс-пресс,**<br>**Толкун Наматбаева** | (0517) 223279,<br>volna59@mail.ru |

### *6.1.7. Коммерциялык эмес уюмдар*

| **КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР** | | |
|---|---|---|
| ***№*** | ***Уюмдун аталышы*** | ***Дареги/Телефон*** |
| 1 | **«Медиа Полиси Институту» Коомдук фонду Директору Бегаим Усөнова Медиа Өкүлү Акмат Алагушев** | Бишкек ш., Тыныстанов көч., 189/1, кв. 4 (0312) 908360, www.media.kg, begaime@gmail.com, akmat@media.kg |
| 2 | **КР Интерньюс Нетуорк Директору Марк Уолш Программа директору Адель Лаишева** | Бишкек ш., Табалдиев көч., 84- үй (0312) 464880 www.internews.kg, office@internews.kg |
| 3 | **«ЖМКларды колдоо борбору» Коомдук фонду Генералдык директору Алмаз Курманкалиев** | Бишкек ш., Горький көч., 1-Б (0312) 530000, www.msc.kg, gm@msc.kg |
| 4 | **«Маалыматтык укук борбору» Коомдук фонду Аткаруучу директору Нургүл Абдыкеримова** | Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы 35, кв. 9 , (0312) 663006/ 663009, www.medialaw.kg, nurgul@medialaw.kg |
| 5 | **«Журналисттер» Коомдук фонду Төрагасы Марат Токоев** | Бишкек ш., Сыдыков көч., 169, кв. 40, (0312) 299452, journalist.kg@gmail.com |
| 6 | **ЖМК кызматчыларынын кесиптик кошууну Төрайымы Мэри Бекешова** | Бишкек ш., Сыдыков көч., 169, кв. 40, (0312) 299452, journalist.kg@gmail.com (0555) 820081 meri.bekeshova@gmail.com |
| 7 | **МОО «TVclub» Аткаруучу директору Александр Кулинский** | Бишкек ш., Молодая.Гвардия,7 (0775) 981091, mootvclub@gmail,com |
| 8 | **Укуктук клиника «Адилет» Коомдук фонду Директору Чолпон Джакупова** | Бишкек ш., Уметалиев көч, 39 (0312) 653513, legal@elcat.kg |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | **«Теле радиоберүүлөр» Ассоциациясы Директору Елена Ли** | Бишкек ш., Ахунбаев көч., 114/1, 3 эт (0312) 542194, media.indcom@gmail.com |
| 10 | **«Телекөрсөтүү жана радио» Ассоциациясы Директору Марина Кыдыралиева** | Бишкек ш., Ахунбаев көч., 114/1, 3 эт (0312) 542194, media.indcom@gmail.com |
| 11 | **«ЖМК арыздарын кароо боюнча комиссия» Төрагасы Шамарал Майчиев** | Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 35, кв. 9 (0312) 663013, mmcc.kg@gmail.com |
| 12 | **«ГИИП» Коомдук фонду ДиректоруТатту Мамбеталиева** | Бишкек ш., Ахунбаев көч., 129 Б/1 (0312) 544191, tattu@gipi.kg, www.gipi.kg |
| 13 | **«Эркиндик үнү» Коомдук фонду Башкармалыктын төрагасы Абдумомун Мамараимов** | Бишкек ш., Исанов көч., 8, офис № 4 (0312) 314220, golossvobody@gmail.com, www.golossvobody.kloop.kg, www.vof.kg |
| 14 | **«Фридом Хаус» Эл аралык уюму Директору Стюарт Канн** | Бишкек ш., Абдрахманов көч., 204, 4 этаж (0312) 623582, www.freedomhous.org |
| 15 | **«Демократия жана жарандык коом» Коалициясы Төрайымы Динара Ошурахунова** | Бишкек ш., Фрунзе көч., 282а (0312) 900324, www.coalition.kg d.oshurahunova@coalition.kg |
| 16 | **«Эл аралык толеранттуулук үчүн» Коомдук фонду Президенти Рая Кадырова** | Бишкек ш., Уметалиев көч., 27/36 (0312) 910757, www.fti.org.kg, fti@fti.kg |

***Эскерткич***

***Эскерткич***